**БЕКИТИЛДИ**
Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетине
караштуу Мамлекеттик кызмат
жана жергиликтүү өз алдынча
башкаруу иштери боюнча
мамлекеттик агенттигинин
2025-жылдын ____-майындагы
№ 01-25/______буйругу менен

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин сыйлыктары жөнүндө**
**ЖОБО**

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги (мындан ары – Агенттик) жөнүндө Жобого ылайык иштелип чыгып, Агенттиктин сыйлыктарынын түрлөрүн жана сунуштоо тартибин белгилейт, ошондой эле ведомстволук сыйлыктар менен сыйлоо тартибин аныктайт.

## 1. Жалпы жоболор

1. Агенттиктин сыйлыктары мамлекеттик жана муниципалдык кызмат, жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырууга маанилүү жеке салым кошкон адамдардын сиңирген эмгегин таануу жана дем берүү формасы болуп саналат.

2. Агенттиктин сыйлыктары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын отличниги” төш белгиси;
- “Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын отличниги” төш белгиси;
- “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун отличниги” төш белгиси;
- “Кызматташтык үчүн” төш белгиси;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин Ардак грамотасы;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин Грамотасы;

3. Агенттиктин сыйлыктары менен сыйланган адамдарга буйруктун көчүрмөсү берилет.

4. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын отличниги”, “Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын отличниги”, “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун отличниги”, “Кызматташтык үчүн” төш белгилери менен эки жолу сыйлоого тыюуу салынат.

5. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын отличниги”, “Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын отличниги”, “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун отличниги” “Кызматташтык үчүн” төш белгилери төштүн оң жагына тагылат жана мамлекеттик сыйлыктардан төмөн жайгаштырылат.

6. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын отличниги”, “Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын отличниги”, “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун отличниги” “Кызматташтык үчүн” төш белгилери менен сыйланган адамдар сыйлыкты сактоону камсыз кылууга тийиш. Сыйлык жоголуп кеткен учурда сыйлангандар сыйлыкка болгон өз укуктарын сактап калат. Жоголуп кеткен төш белгинин дубликаты берилбейт.

7. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын отличниги”, “Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын отличниги”, “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун отличниги” “Кызматташтык үчүн” төш белгилеринин ырастамасы жоголуп кеткен учурда ырастаманын дубликаты сыйланган адамдын жазуу жүзүндөгү арызына ылайык Комиссиянын чечими менен берилиши мүмкүн.

8. Агенттик тарабынан Сыйлыктар боюнча комиссия (мындан ары – Комиссия) түзүлөт. Комиссиянын курамы Агенттиктин буйругу менен бекитилет.

9. Комиссиянын иш Регламенти Комиссиянын отурумунда бекитилет.

10. Ведомстволук сыйлыктары менен сыйлоо Комиссиянын чечиминин негизинде Агенттиктин тиешелүү буйругу менен расмий түрдө таризделет.

11. Жазуу түрүндөгү сунуштамасыз, иш стажына талаптар коюлбастан, комиссия тарабынан каралбастан адамды сыйлык менен сыйлоо тууралуу чечимди директор өз алдынча кабыл алууга укуктуу. Мындай сыйлоо директордун ыктыярына жараша жүргүзүлүп, тиешелүү буйрук менен расмий түрдө таризделет.

12. Агенттиктин сыйлыктары менен мамлекеттик кызматты, муниципалдык кызматты жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө өз салымын кошкон мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар жана башка адамдар 5-май – Кыргыз Республикасынын Конституция күнүнө карата, 23-июнь - Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлеринин күнүнө, 31-август – Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө,

октябрдын акыркы жекшембиси – Кыргыз Республикасынын жергиликтүү жамааттарынын күнүнө карата сыйланат, ошондой эле мамлекеттик органдарында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштеген кызматкерлердин кесиптик майрамдарында, облустардын, райондордун, шаарлардын жана айылдардын юбилейлик даталарын белгилөөдө сыйлоого уруксат берилет. Агенттиктин директорунун макулдугу менен мамлекеттик же муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдарды, ошондой эле мамлекеттик кызматты, муниципалдык кызматты жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө салым кошкон башка адамдарды белгиленген күндөн тышкары сыйлоого уруксат берилет.

13. Сыйлоо документтерин белгиленген күнгө чейин бир айдан кечиктирбестен Агенттикке Электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу тапшыруу керек.

Электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу келип түшкөн документтерде сунушталган талапкерлер боюнча толук документтердин тизмеси бар болгондо гана катталууга тийиш.

## 2. Сыйлыктар боюнча комиссия

14. Комиссиянын курамына төрага, төраганын орун басары жана беш мүчө кирет (жалпы 7 адам).

15. Комиссиянын жыйналышына материалдарды даярдоо, жыйналыштын протоколун түзүү милдети Комиссиянын катчысына жүктөлөт.

16. Комиссиянын катчысы Комиссиянын мүчөсү болуп саналат.

17. Комиссиянын жыйналышы кеминде төрт мүчөсү катышса жарактуу деп эсептелинет.

18. Сыйлоого сунуш боюнча чечим ачык добуш берүү аркылуу жыйналышка катышып жаткан Комиссиянын мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең чыккан учурда төрагалык кылган адам добуш берген чечим кабыл алынды деп эсептелинет.

19. Комиссиянын чечими протокол менен таризделет, ага Комиссиянын бардык мүчөлөрү кол коюшат.

20. Зарыл болгон учурларда, Комиссиянын чечими сурамжылоо тартибинде кабыл алынышы мүмкүн.

21. Эгерде талапкер сыйлыктын белгилүү бир түрүн алуу үчүн зарыл стажга ээ болбосо же белгиленген талаптарга толук жооп бербесе, комиссия аны кыйла төмөнкү даражадагы сыйлык менен сыйлоо жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

Ал эми, жетиштүү стажы жана башка сиңирген эмгеги болгон учурда комиссия сунуштамада көрсөтүлгөндөн кыйла жогорку даражадагы сыйлык менен сыйлоо жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

## 3. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын отличниги” төш белгиси

22. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын отличниги” төш белгиси (1-2-тиркеме) менен мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген, сыйлоого көрсөтүлгөн учурда кызматта жаза салынбаган, мамлекеттик кызматта жана муниципалдык кызматта жалпысынан 10 жылдан кем эмес иш стажына жана кынтыксыз тажрыйбага ээ болгон адамдар сыйланат:

- мамлекеттик кызматты өркүндөтүүгө зор салым кошкондугу үчүн;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат жөнүндө мыйзамдарын сактоо боюнча иштин жогорку жетишкендиктери үчүн;
- жогорку кесипкөйлүгү, квалификациясы, кызматтык милдеттерди ак ниети менен аткаргандыгы, демилгелүүлүктү жана активдүүлүктү көрсөткөндүгү үчүн;
- кадр саясатын өткөрүүдө, кызматчыларды даярдоодо жана тарбиялоодо, кадрларды кайра даярдоодо жана квалификациясын жогорулатууда ийгиликтерге жетишкендиги үчүн.

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын отличниги” төш белгиси менен сыйланган адам “Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын отличниги”, “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун отличниги” төш белгиси менен сыйланышы мүмкүн эмес.

## 4. “Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын отличниги” төш белгиси

23. “Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын отличниги” төш белгиси (3-4-тиркеме) менен муниципалдык кызмат орундарын ээлеген, сыйлоого көрсөтүлгөн учурда кызматта жаза салынбаган, мамлекеттик кызматта жана муниципалдык кызматта жалпысынан 10 жылдан кем эмес иш стажына жана кынтыксыз тажрыйбага ээ болгон адамдар сыйланат:

- муниципалдык кызматты өркүндөтүүгө зор салым кошкондугу үчүн;
- Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарын сактоо боюнча иштин жогорку жетишкендиктери үчүн;
- жогорку кесипкөйлүгү, квалификациясы, кызматтык милдеттерди ак ниети менен аткаргандыгы, демилгелүүлүктү жана активдүүлүктү көрсөткөндүгү үчүн;
- кадр саясатын өткөрүүдө, кызматчыларды даярдоодо жана тарбиялоодо, кадрларды кайра даярдоодо жана квалификациясын жогорулатууда ийгиликтерге жетишкендиги үчүн.

“Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын отличниги” төш белгиси менен сыйланган адам “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын отличниги”, “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун отличниги”  төш белгилери менен сыйланышы мүмкүн эмес.

### 5. “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун отличниги” төш белгиси

24. “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун отличниги” төш белгиси (5-6-тиреме) менен жергиликтүү жамаат менен иштөө боюнча 10 жылдан кем эмес иш стажына ээ болгон, сыйлоого көрсөтүлгөн учурда кызматта жаза салынбаган Кыргыз Республикасынын жарандары, ошондой эле чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар, анын ичинде чет өлкөлөрдүн юридикалык жактары сыйланат:

- жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүүгө зор салым кошкондугу үчүн;
- Кыргыз Республикасынын жергиликтүү жамааттардын экономикалык, руханий жана интеллектуалдык дараметин көбөйткөндүгү үчүн;
- Кыргыз Республикасынын жергиликтүү жамааттардын маанилүү милдеттерин чечкендиги үчүн;
- жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө зор салымын кошкондугу, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн тездеткендиги үчүн.

“Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун отличниги” төш белгиси менен сыйланган адам “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын отличниги”, Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын отличниги” төш белгилери менен сыйланышы мүмкүн эмес.”

### 6. “Кызматташтык үчүн” төш белгиси

25. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин “Кызматташтык үчүн” төш белгиси (7-8-тиркеме) менен эл аралык, бейөкмөт уюмдар, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү жана башка ушул сыяктуу уюмдардын өкүлдөрү менен тыгыз иштеп келээрин билдирүү менен аталган кызматташтыкты мындан ары да бекемдөө максатында, биргелешкен долбоорлорго жана демилгелерге жигердүү катышкандыгы, өнөктөштүктү чыңдоого кошкон салымы, мамлекеттик же ведомстволук программаларды ишке ашырууга кошкон салымдары, мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатында билим жана мыкты практикалар менен жигердүү тажрыйба алмашуу үчүн сыйланат.

### 7. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин Ардак грамотасы

26. Агенттиктин Ардак грамотасы (9-тиркеме) менен мамлекеттик же муниципалдык кызмат орундарын ээлеген, сыйлоого көрсөтүлгөн учурда

кызматта жаза салынбаган, мамлекеттик же/жана муниципалдык кызматта жалпысынан 5 жылдан кем эмес иш стажына ээ болгон адамдар сыйланат:

- мамлекеттик жана муниципалдык кызматты өркүндөтүүгө жана реформалоого зор салым кошкондугу, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мыйзамдуулукту сактоо боюнча ишинде жогорку көрсөткүчтөргө жеткендиги үчүн;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызматты жайылткандыгы жана кадыр-баркын көтөргөндүгү, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү жетишкедиктерди массалык маалымат каражаттарында кеңири чагылдыргандыгы үчүн.

## 8. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин Грамотасы

27. Агенттиктин Грамотасы (10-тиркеме) менен мамлекеттик же муниципалдык кызмат орундарын ээлеген, мамлекеттик же/жана муниципалдык кызматта жалпысынан 1 жылдан кем эмес иш стажына ээ болгон, сыйлоого көрсөтүлгөн учурда кызматта жаза салынбаган адамдар сыйланат:

- ак ниети менен иштегендиги, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын натыйжалуулугун жогорулатууга салым кошкондугу үчүн;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызматты жайылткандыгы жана кадыр-баркын көтөргөндүгү, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү жетишкедиктерди массалык маалымат каражаттарында кеңири чагылдыргандыгы үчүн.

## 9. Сыйлоого көрсөтүү тартиби

28. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген жана Агенттиктин сыйлыктары менен сыйлоого көрсөтүлгөн адамдардын талапкерлиги мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жамаатынын жыйналышында сунушталат.

29. Сыйлоо жөнүндө сунуштамалар Агенттиктин директоруна төмөнкүлөр тарабынан киргизилет:

- Агенттиктин директорунун орун басарлары тарабынан;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кураторлук кылган тийиштүү түзүмдүк бөлүмчөсү тарабынан – Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кураторлук кылган тийиштүү түзүмдүк бөлүмчөсү тарабынан – мамлекеттик органдардын жетекчилерине;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан – тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларына жана орун басарларына, облустук маанидеги тийиштүү шаарлардын мэрлерине жана орун басарларына;

- жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким тарабынан – тийиштүү шаарлардын мэрлерине жана орун басарларына, тийиштүү жергиликтүү кеңештердин төрагаларына, тийиштүү айыл өкмөтүнүн башчыларына, тийиштүү жергиликтүү кеңештердин депутаттарына;

- республикалык маанидеги шаардык кеңештин төрагасы тарабынан – республикалык маанидеги шаардын мэрине, республикалык маанидеги шаардык кеңештин төрагасынын орун басарына;

-республикалык маанидеги шаардын мэри тарабынан – республикалык маанидеги шаардын кеңешинин төрагасына;

- республикалык жана облустук маанидеги шаардык кеңештердин төрагалары тарабынан – тийиштүү кеңештердин депутаттарына;

- мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдын жетекчилиги тарабынан – ошол органдын кызматчыларына жана аймактык түзүмдөрүнүн кызматчыларына.

30. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат ордун ээлеген кызматчынын сиңирген эмгеги даана көрсөтүлгөн жана толук негиздемени камтыган сыйлоо жөнүндө сунуштама органдын расмий бланкында болууга жана гербдүү мөөр менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

31. Сыйлоо жөнүндө сунуштамага төмөнкү документтер тиркелиши керек:

- сыйлоо баракчасы (11-тиркеме);

- тактама-маалымкат;

- мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын персоналды башкаруу кызматынын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү;

- паспорттун көчүрмөсү;

- тартиптик жазасы жоктугу жөнүндө маалымкат;

Комиссия, зарыл болгон учурда, сунушталган талапкерлер боюнча кошумча маалыматты мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан талап кылууга укуктуу.

32. Комиссия сунушталган талапкерлер боюнча өз чечимин түшүндүрүүгө милдеттүү эмес.

33. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын толук эмес көлөмдө чогултулган жана белгиленген талаптарга туура келбеген сыйлоо материалдары Комиссия тарабынан каралбайт.

34. Адамдарды алардын юбилейлерине арнап, Агенттиктин сыйлыктары менен сыйлоого тыюу салынат.

35. Сыйлоого көрсөтүлгөн учурда тартип жазалары бар кызматкерлерди сыйлоого көрсөтүүгө бул жазалар белгиленген тартипте жоюлганга же алып салынганга чейин жол берилбейт.

36. Агенттиктин сыйлыктарын тапшыруу Агенттиктин директору же директордун орун басарлары тарабынан салтанаттуу жагдайда берилет же болбосо мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан эмгек жамааттардын жалпы жыйналыштарында адамдын өзүнө салтанаттуу жагдайда мындан ары тапшыруу үчүн тийиштүү мамлекеттик органга же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына жөнөтүлөт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин сыйлыктары жөнүндө Жобого 11-тиркеме

| **СЫЙЛОО БАРАКЧАСЫ** | | *сүрөтү* |
|---|---|---|
| Сыйлоого сунушталат: ____________________ | | |
| 1. Фамилиясы, аты, атасынын аты | | |
| 2. Кызмат орду, иштеген жери, кызматы мамлекеттик тилде | | |
| 2.1. Кызмат орду, иштеген жери, кызматы расмий тилде | | |
| 3. Стаж мамлекеттик кызматта жана/же муниципалдык кызматта | | |
| 4. Ведомстволук сыйлык менен сыйлоо үчүн кызматчынын өзгөчө жетишкендиктери: | | |

Жетекчи:

________________________________ ____________ ______________________________

*(кызмат оруну)* *(колу)* *(Ф.А.А.)*

МО